# Сары-Челекке саякат



Автор: Анаркул Аманбаев

# Сары-Челекке саякат

Автор: Анаркул Аманбаев

Кыргыз тилинде
Бишкек -2021

Copyright © 2021, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган. Төмөндө көрсөтүлгөн учурлар камтылбайт.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Сары-Челекке саякат" (кыргыз тилинде), автор Анаркул Аманбаев.

Төмөнкү сүрөттөр жогорудагы китептин лицензиясынан алынып салынган. Ар бир сүрөт автордук укук ээсинин шарттарына ылайык жөнгө салынат:
Сырткы бет: Matt Amery, © 2021 shatterstock.com. Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат.

1-бет: welvetweb, Konstantin Dem, Sergey Dyonin © 2021 shatterstock.com. Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат; 2-бет: Rostislav Stefanek, Victoria Paladiy, Djusha © 2021 shatterstock.com. Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат; 3-бет: Slatan, Sergey Dyonin, Djusha © 2021 shatterstock.com. Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат; 4-бет: Kusluns Kahal, MilanRubar, BeechMarten, WildMedia © 2021 shatterstock.com. Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат жана MarenWinter, © 2021 freepik.com. www.freepik.com_eurasian_lynx_autumn_forest; 5-бет: meunierd, HollyKuchera, saedyaghoubi, VaclavSebek, RandyVanDomselaar © 2021 www.shatterstock.com. Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат; 6-бет: PetuaUzunova, WildMedia, Nurlan Tastanbekov © 2021 shatterstock.com. Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат жана Michae lSchroeder, © 2021 freepik.com. www.freepik.com_red_legged_partridge_field; 7-бет:Terelyuk, Djusha © 2021 shatterstock.com. Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат; 8-бет: Jonas Vegele, Matauw, topseller, Swetlana Wall © 2021 shatterstock.com. Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат; 9-бет: Baisa, © 2021 www.shatterstock.com. Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат; 10-бет: elenamoiseeva, Aleksandr Stechkin, anmbph © 2021 shatterstock.com. Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат жана Viachaslau Rutkouski, © 2021 freepik.com. www.freepik.com_background_green_horizontal_decorative_juniper;
11-бет: Maxim Derevyankin, Sergey Duonin © 2021 shatterstock.com. Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат жана tanyajoi, © 2021 freepik.com. www.freepik.com_green_juniper_bush_with_juniper_branches;
12-бет: Andrij Vatsyk, © 2021 www.shatterstock.com. Бүт укуктар корголгон. Автордук укук ээсинин уруксаты менен колдонулат.

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom







Менин атым Атай. Жайкы каникулда атам, апам жана чоң атам, чоң энем болуп Сары-Челек көлүнө барып келдик.

Мага бул жер абдан жакты. Бул жер кооз экен. Карагайлар бийик, тоо арасындагы көл туптунук, таптаза жана көпкөк.

Сары-Челек жөнүндө көптү билгим келди. Китепканага бардым. Китептерди окуп чыктым. Интернеттиен карадым. Көргөнүмдү, билгендеримди жазып чогулттум.

Эми Сары-Челек көлү жөнүндө досторума, классташтарыма айтып берейин.





Мындан он миң жылдай мурда тоо кулап, суунун агымын тосуп калыптыр.. Ошентип, типтик тоолордун ортосунда суу топтолуп, азыркы Сары-Челек көлү пайда болуптур.







Сары-Челек деп аталып калган себеби мага кызыктуу болду. “Бул жерде түркүн жапайы гүлдөр өскөн экен. Ошол гүлдөрдөн бал алуу үчүн көп сапсары балчелектер коюлуптур. Айлана да сонун көрүнүп, ошондон улам көл Сары-Челек аталып калган экен”, – деп, чоң энем айтып берди.












Сары-Челек биосфера[1] коругу деп 1959-жылы түзүлгөн. Көл коруктун[2] ичинде жайгашып, коргоого алынган. Бул корукта ар түрдүү сейрек кездешүүчү өсүмдүктөр, жапайы жаныбарлар көп. Көл деңиз деңгээлинен 1876 м бийикте турат. Көлдүн узундугу 7 км 500 м. Эң жазы жери 2280 м. Эң терең жери 244 м экен.

[1] Биосфера - жер кыртышында, суу жана атмосферада жандуу организм тиричилик кылып турган бөлүгү.

[2] Корук – коргоого алынган жаратылыш аймагы.











Корукта Кызыл китепке[1] кирген жаныбарлар бар. Токой арасында ак илбирс, сүлөөсүн, аюу, каман, суусар, элик, кийик, тоо теке байыр алган. Ошондой эле коён, суур, ондатр, кашкулак, кирпи жана башка жаныбарлар жашайт.

[1] Кызыл китеп – жоголуп бараткан же жоголуп кетүү коркунучунда турган жаныбарлар, өсүмдүктөр тууралуу маалыматтар жыйындысы.







Жер шарында сейрек кездешкен бугу, кундуз, суусарды Сары-Челектен учуратууга болот. Жазында келгин куштар канаттуу куштар көбөйөт.

Тоолордо улар менен кекилик сайрап, чилдер жана кыргоолдор кездешет. Көлдө балыктардын түрү бар.





Жаңгак токоюн да көрдүм. Жаңгак дарактары абдан чоң жана көп экен. Жаңгактан башка алма, алмурут, долоно, алча бактары өсөт.











Корук аймагында Сары-Челек көлүнөн башка дагы 6 көл жайгашкан. «Сары Челек» коругу 1979-жылы ЮНЕСКОнун[1] биосфералык коруктар тизмесине киргизилген.

[1]ЮНЕСКО - Бириккен Улуттар Уюмунун Билим, илим жана маданият боюнча мекемеси.





Корук ичинде эскертүү такталары коюлган. Мында корукта жүрүү эрежелери жазылган. Биринде сууга түшүүгө тыюу салынган эскертме бар. Экинчисинде айлана-чөйрөнү коргоого (таштанды таштабоого, жан-жаныбарларды өлтүрбөөгө, бак-дарактарды сындырбоого) чакырган сөздөр жазылган.



Мөңгү булактан агып түшүп, суулар чогулуп көлгө куюлат. Ошол себептен көлдүн суусу таза жана муздак келет. Жээги да тик келет. Суунун деңгээли бир калыпта сакталып, ашыкча суу көлдүн төмөн жагынан агып чыгат.









Тоо үстүнөн айлана абдан кооз көрүндү. Мен зым менен жүргөн канат жолун элестеттим. Эгер бул жерге ушундай жол салынса, айлана-чөйрө да таза сакталмак. Жаныбарлар тез көбөймөк.







Чоңойгондо бул жерге канат жолун салгым келди. Канат жолу менен бара жатканда бийиктиктен көлдүн кооз айлана-тегереги толук көрүнмөк.

Чоң атам менен чоң энемди ушундай жолменен тоонун чокусуна чыгарып, ошол жактан көлдү көрсөтөм деп кыялдандым. Алар абдан сүйүнүшмөк!

Мен бул жерге кайра дагы келем. Сөзсүз келем!



АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

Автор: Анаркул Аманбаев
Сүрөттөр төмөнкү сайттардан алынган: www.shutterstock.com; www.freepik.com.

USAID "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- **3.1 деңгээли**
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли